DemirBank

+996 (312) 610 610
www.demirbank.kg

# Туруктуу өнүгүү боюнча отчет

# 2025

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК

Сиздин жашооңуз үчүн банк

# МАЗМУНУ


**01** Банктын жетекчилигинин кайрылуусу

**02** Отчеттун маанилүү темалары

**03** Банк жөнүндө

3.1 БУУнун ТӨМтарына жетүүгө кошулган салым

**04** Банк жөнүндө

4.1 Банктын ишмердүүлүгүнүн географиясы
4.2 Экономикалык туруктуулук жана мамлекеттин өнүгүүсүнө салыктык салым
4.3 Ассоциацияларга кошулуу

**05** Корпоративдик башкаруу

5.1 Корпоративдик башкарууга сереп
5.2 Банктын Башкармалыгы
5.3 Кызматтык этика
5.4 Коррупцияга каршы саясат жана паракорчулукка каршы аракеттенүү
5.5 Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу
5.6 Кылмыштуу ишмердүүлүккө жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга каршы аракеттенүү
5.7 Тобокелдиктерди башкаруу

**06** Жоопкерчиликтүү бизнес жүргүзүү

6.1 Кардарларга болгон жоопкердүү мамиле
6.2 Аялдардын ишкердигин колдоо жана инклюзивдик экономиканы өнүктүрүү
6.3 Жоопкерчиликтүү каржылоо
6.4 Маалыматтык коопсуздук

# МАЗМУНУ


**07** Экологиялык жоопкерчилик жана климаттык из

7.1 Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы

7.2 Күйүүчү-май жана энергетикалык ресурстарды керектөө

7.3 Суу ресурстарын колдонуу

7.4 Калдыктарды жоопкерчиликтүү иштетүү жана ресурстарды керектөө

7.5 Климаттык тобокелдиктерди башкаруу

**08** Социалдык таасир

8.1 Адам капиталы жана иш менен камсыз кылуу

8.2 Кызматкерлердин эмгек акысы, кесиптик өнүгүүсү жана бакубаттуулугу

8.3 Корпоративдик маданият

**09** Глоссарий

**10** GRI стандартарынын көрсөткүчү

**11** Байланыш маалыматы

*Урматтуу кардарлар, өнөктөштөр жана акционерлер!*

*Биз үчүн ДемирБанктын туруктуу өнүгүү боюнча биринчи Отчетун сунуштоо чоң сыймык. Бул отчет биздин ESG принциптерин жайылтууга жана жоопкерчиликтүү бизнес жүргүзүү маданиятын чыңдоого болгон системалуу мамилебизди чагылдырат. Дээрлик отуз жылдан бери ДемирБанк ишкердикти, санариптештирүүнү жана банктык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн колдоо менен Кыргыз Республикасынын каржы секторунун өнүгүшүнө олуттуу салым кошуп келет.*

*Бүгүнкү күндө Банк өнүгүүнүн жаңы этабына кадам таштоодо. 2025-жылдан тарта биз негизги стратегиялык жана операциялык процесстерге ESG принциптерин этап-этабы менен интеграциялоо программасын ишке ашырып жатабыз. Бул трансформациянын негизи Эл аралык кызматташтык боюнча Германиянын сактык кассаларынын фондунун (Deutsche Sparkassenstiftung für internationale Kooperation e.V., DSIK) көмөгү менен көз карандысыз кеңешчи тарабынан өткөрүлгөн баалоонун жыйынтыктары болду. Шпаркассе системасы боюнча 4 баллдан 0,87 баллдык старттык көрсөткүч учурдагы күчтүү тараптарды жана өсүү багыттарын аныктоого, ошондой эле ички системаларды өркүндөтүү жана климаттык тобокелдиктерди натыйжалуу башкаруу боюнча комплекстүү планды түзүүгө мүмкүндүк берди.*

*Биз туруктуу каржылоо чөйрөсүндө чоң тажрыйбага ээбиз. ЕБӨБ менен стратегиялык өнөктөштүк, KyrSEFF долбоорлорунун ийгиликтүү ишке ашырылышы жана ЭКК менен кызматташуу туруктуу экономикалык өсүштү колдоо үчүн банктын ресурстарды натыйжалуу тартуу мүмкүнчүлүгүн тастыктайт. 2025-жылы банк энергия натыйжалуулугу, кайра жаралуучу энергетика жана ишкердикти өнүктүрүү чөйрөлөрүндөгү долбоорлорду каржылоо үчүн 30 млн АКШ долларына жакын каражат тартты. Банк ошондой эле санариптик жана инклюзивдик каржылык чечимдерди өнүктүрүүдө, чакан жана орто бизнести колдоодо жана кызматтарды санариптештирүү менен ички процесстердин эсебинен айлана-чөйрөгө болгон терс таасирин азайтууда.*

*ДемирБанктын командасына жогорку кесипкөйлүгү, жигердүүлүгү жана жалпы баалуулуктарга берилгендиги үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Биргелешкен аракеттер жана белгиленген планды ырааттуу ишке ашыруу бизге Банктын жоопкерчиликтүү каржылоо чөйрөсүндөгү позициясын чыңдоого жана Кыргыз Республикасынын туруктуу келечегин курууда ишенимдүү өнөктөш болууга өбөлгө түзөт деп ишенебиз.*

*Урматтоо менен,*

***Исмаил Хасан Акчакайалиоглу***
*«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКтын Директорлор кеңешинин Төрагасы*

***Лютфуллах Шевки Сарылар***
*«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКтын Башкармалыгынын Төрагасы*

**Даярдоо принциптери жана отчеттуулуктун чектери.**

2025-жыл үчүн ушул Туруктуу өнүгүү боюнча отчет (мындан ары — «Отчет»), «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКтын (мындан ары — «ДемирБанк» же «Банк») биринчи коомчулукка жарыяланган финансылык эмес отчету болуп саналат. Бул Отчеттун жарыяланышы Банктын ачык-айкындуулук, ачыктык жана өз кардарларынын, акционерлеринин, жөнгө салуучу органдардын жана коомчулуктун алдындагы отчеттуулук принциптерине берилгендигин чагылдырат. Отчет Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген.

Финансылык эмес маалыматтарды ачыктоо Банктын ESG (экологиялык, социалдык жана корпоративдик башкаруу) багытындагы ишмердүүлүгүнүн баштапкы этабын чагылдырат. Кийинки отчеттук мезгилдерде «ДемирБанк» берилүүчү маалыматтардын көлөмүн кеңейтүүнү жана негизги көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү динамикасын чагылдырууну пландаштырууда.

Отчеттук мезгил: 2025-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин.
Мезгилдүүлүгү: Банк финансылык эмес отчетту жыл сайын жарыялоону пландаштырууда.
Отчеттун камтуу чеги: Отчеттогу маалыматтар Кыргыз Республикасынын аймагындагы ДемирБанктын Башкы кеңсесинин жана бардык филиалдык тармагынын ишмердүүлүгүн камтыйт.

**Стандарттар жана методология**

Отчет Туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү отчеттуулуктун глобалдык демилгесинин стандарттарына (GRI Standards, 2021-жылдагы редакциясы) шилтеме берүү менен даярдалды. Документтин түзүмүн жана мазмунун калыптандырууда Банк GRIдын төмөнкү принциптерин жетекчиликке алды:

- туруктуу өнүгүүнүн контексти;
- олуттуулук жана толуктук;
- тактык, түшүнүктүүлүк жана тең салмактуулук;
- салыштырмалуулук жана текшерүүгө мүмкүнчүлүк.

Отчетту даярдоодо ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (КРУБ) корпоративдик башкаруу, каржы секторунун ESG-тобокелдиктерин баалоо жана климаттык трансформациясы чөйрөсүндөгү талаптары менен сунуштары эске алынды. Документте ДемирБанктын Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүү максаттарына (БУУ ТӨМ) жетүүгө кошкон салымы тууралуу маалымат камтылган жана кредиттик портфелдин климаттык тобокелдиктерин ачыктоо бөлүгүндө Климатка байланыштуу каржылык маалыматты ачыктоо боюнча максаттуу топтун (Task Force on Climate-related Financial Disclosures, TCFD) сунуштарынын негизги ыкмалары эске алынган.

## Маалымат булактары жана верификация

Отчетто берилген экономикалык жана каржылык көрсөткүчтөр Банктын Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык даярдалган 2025-жылга карата өзүнчө каржылык отчетунун маалыматтарына негизделген. Каржылык отчеттуулук, анын ичинде салыктар жана милдеттүү жыйымдар жөнүндө маалыматтар эл аралык «Чоң төрттүк» аудитордук компаниялардын катарына кирген «Эрнст энд Янг Аудит» ЖЧК (EY) көз карандысыз тышкы аудитордук компаниясы тарабынан верификацияланган.

Банктын тикелей жана кыйыр экологиялык изин баалоо үчүн административдик-чарбалык эсептин маалыматтары жана Парник газдары боюнча протоколдун (GHG Protocol) эл аралык методологиясы колдонулган. Каржылык эмес көрсөткүчтөрдү эсептөө алкагына төмөнкүлөр кирди:

- Парник газдарынын тикелей бөлүнүп чыгышы (Камтуу 1): эсептөө Банктын кызматтык автотранспорту тарабынан мотор отунун, ошондой эле генератордук курулмалар үчүн дизель отунун иш жүзүндө керектөөсүнүн негизинде жүргүзүлдү. Деталдуу техникалык маалыматтарды чогултуу тутумдарын жөнгө салуу этабына байланыштуу учурдагы отчеттук мезгилде фугитивдик бөлүнүп чыгууларды (кондициялоо жана муздатуу тутумдарынан хладагенттердин сыртка чыгып кетүүсүн) эсептөө жүргүзүлгөн жок. Муну менен бирге, бул көрсөткүчтөрдү келечектеги отчеттук циклдерге киргизүү үчүн Банк тарабынан климаттык жабдуулардын толук инвентаризациясы жүргүзүлдү.

- Кыйыр энергетикалык бөлүнүп чыгуулар (Камтуу 2): Банктын кеңселери жана филиалдары тарабынан электр энергиясын жана жылуулук энергиясын иш жүзүндө керектөөсү жөнүндө маалыматтардын негизинде толук көлөмдө эске алынды.

- Башка кыйыр бөлүнүп чыгуулар (Камтуу 3): Ачыктоо алкагына кызматкерлердин жумуш ордуна чейинки каттамы (коммьютинг), суу ресурстарын колдонуу (суу керектөө жана сууну буруу), ошондой эле коммуналдык калдыктарды чогултуу жана утилдештирүү менен байланышкан парник газдарынын кыйыр бөлүнүп чыгуулары киргизилген. 3-камтуунун көрсөткүчтөрүн «Инвестициялар» алынып салынган.

**Маанилүү темалар**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына жана GRI стандарттарынын методологиясына ылайык, Банк ДемирБанктын экономикага, коомго жана айлана-чөйрөгө тийгизген эң олуттуу таасирин чагылдырган, ошондой эле анын узак мөөнөттүү туруктуулугун түздөн-түз аныктаган негизги темалардын тизмесин аныктады.

**ДемирБанктын 2025-жылдагы маанилүү темаларынын тизмеси:**

1. Корпоративдик башкаруу жана ESG-трансформация: Банктын стратегиялык жана операциялык процесстерине экологиялык, социалдык жана башкаруу принциптерин этап-этабы менен интеграциялоо, ошондой эле «Шпаркассе» көз карандысыз баалоосунун жыйынтыгы боюнча жол картасын ишке ашыруу.

2. Ишкердик этика жана комплаенс: Ишкердик этиканын жана бизнести адилеттүү жүргүзүүнүн эл аралык стандарттарын сактоо, коррупцияга каршы аракеттенүү, кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу жана AML (кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга каршы күрөшүү) чөйрөсүндөгү жөнгө салуучу талаптарды так аткаруу.

3. Салыктык ачык-айкындуулук: Банктын мамлекеттик каржыга жана Кыргыз Республикасынын экономикалык туруктуулугуна кошкон түз салымынын көрсөткүчү катары салыктык милдеттенмелерди жана социалдык чегерүүлөрдү өз убагында жана толук аткаруу.

4. Жоопкерчиликтүү каржылоо жана портфелдин тобокелдиктерин башкаруу: Бул багыт «жашыл» кредиттөөнү өнүктүрүүнү, KyrSEFF программасы боюнча энергия натыйжалуу долбоорлорду каржылоону, ЭКК (IFC) кредиттик линиясынын алкагында аялдардын ишкердигин колдоону, ошондой эле TCFD сунуштарына ылайык карыз алуучулардын климаттык тобокелдиктерин баалоо үчүн жылуулук картасын (тепловая карта) киргизүүнү камтыйт.

5. Чакан жана орто бизнести (ЧОБ) жана аймактарды колдоо: Чакан жана орто бизнести каржылоо, аялдардын ишкердигин өнүктүрүү жана Банк иш алып барган аймактарда банктык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу.

6. Кардарларга болгон жоопкерчиликтүү мамиле жана санариптештирүү: Тейлөөнүн жогорку сапатын камсыз кылуу, калктын каржылык инклюзиясын (жеткиликтүүлүгүн) жогорулатуучу санариптик экосистеманы жана мобилдик банкингди өнүктүрүү.

7. Маалыматтык коопсуздук: Санариптик трансформация шарттарында ИТ процесстердин үзгүлтүксүздүгүн жана Банктын кардарларынын персоналдык маалыматтарынын каттуу купуялуулугун камсыз кылуу.

8. Персоналды башкаруу жана адам капиталы: Эмгекке адилеттүү акы төлөөнү камсыз кылуу, кызматкерлерди үзгүлтүксүз окутуу жана өнүктүрүү, гендердик балансты сактоо жана инклюзивдик корпоративдик маданиятты калыптандыруу.

9. Коомдун өнүгүшүнө кошулган салым: Жергиликтүү коомчулуктарды колдоого, Банк иш алып барган аймактарда маданиятты, спортту жана социалдык мааниси бар демилгелерди өнүктүрүүгө багытталган кайрымдуулук жана демөөрчүлүк долбоорлорду ишке ашыруу. генераторлор

10. Өздүк экологиялык изди минималдаштыруу (1, 2, 3-камтуу): Энергияны, транспорт жана үчүн отунду керектөөнү мониторингдөө жана оптималдаштыруу, кагаз түрүндөгү документ жүгүртүүнү кыскартуу, сууну керектөөнү эсепке алуу, калдыктарды башкаруу жана кызматкерлердин каттамын (коммьютинг) талдоо.

## 3.1 БУУнун ТӨМтарына жетүүгө кошкон салым

ДемирБанк Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүү максаттарын (БУУ ТӨМ) Кыргыз Республикасынын жоопкерчиликтүү экономикасын куруу үчүн универсалдуу багыт катары карайт. Каржы секторунун ролун терең түшүнүү менен, Банк социалдык багытталган, көмүртекти аз бөлүп чыгаруучу жана инклюзивдик өсүү моделин колдоо үчүн ресурстарды ырааттуу түрдө багыттап келет.

Отчеттук мезгилде Банк туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү баштапкы ыкмаларды калыптандырууга киришти. ESG факторлорун ДемирБанктын бизнес-моделине этап-этабы менен интеграциялоо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жөнгө салуучу талаптарына, TCFD сунуштарына жана каржылык эмес отчеттуулуктун GRI стандарттарынын эл аралык методологиясына таянуу менен жүзөгө ашырылууда. Банктын бирдиктүү ички ESG-саясатын иштеп чыгуу жана бекитүү ички процесстерди өркүндөтүү боюнча учурдагы планды ишке ашыруунун алкагында пландаштырылган.

Отчеттук мезгилде Банк БУУнун төмөнкү артыкчылыктуу ТӨМдөрүн бөлүп көрсөттү жана аларды ишке ашырууга эң олуттуу салым кошууда:

**ТӨМ 5: Гендердик теңчилик**

- Ички инклюзивдик чөйрө: ДемирБанк бардык кызматкерлер үчүн тең укуктарды, дискриминациянын жоктугун жана адилеттүү эмгек шарттарын камсыз кылат. Банк бардык бөлүмдөрдө гендердик баланстын туруктуу жогорку деңгээлин колдоп келет.
- Отчеттук мезгилдин көрсөткүчтөрү: ДемирБанктын персоналдарынын жалпы санындагы аялдардын үлүшү 69%ды түздү. Аялдар департаменттердин, филиалдардын жетекчилигинин жана жогорку менеджменттин деңгээлинде кеңири өкүлчүлүккө ээ болуп, Банктын негизги жана стратегиялык чечимдерин кабыл алуу процесстерине жигердүү катышышат.

**ТӨМ 7: Арзан жана таза энергия**

- «Жашыл» каржылоо: Европа өнүктүрүү жана кайра куруу банкы (ЕӨКБ) менен КугSEFF программасы боюнча көп жылдык стратегиялык өнөктөштүк аркылуу Банк энергия натыйжалуу технологияларга капиталды жеткирүүнүн жигердүү куралы катары кызмат кылат.
- Отчеттук мезгилдин көрсөткүчтөрү: Отчеттук жыл ичинде Банк ресурстарды үнөмдөө жана жабдууларды модернизациялоо чөйрөсүндө жалпы суммасы 716 911,3 миң сом болгон 82 долбоорду каржылады, бул жергиликтүү бизнестин энергия сыйымдуулугун төмөндөтүүгө өбөлгө түздү.

## 3.1 БУУнун ТӨМтарына жетүүгө кошкон салым

**ТӨМ 8: Татыктуу эмгек жана экономикалык өсүү**

- Ишкердикти колдоо: Банк Кыргызстандын чакан жана орто бизнес (ЧОБ) сектору үчүн негизги өнөктөш болуп саналат. Ачык-айкын бизнес катары, Банк жумуш орундарын, расмий айлык акыларды төлөөнү жана КР бюджетине туруктуу салыктык түшүүлөрдү камсыз кылат.
- Отчеттук мезгилдин көрсөткүчтөрү: Банк 1 025тен ашык кызматкерди туруктуу иш менен камсыз кылды. КР аймактарында операциялык ишмердүүлүктү кеңейтүү жана жаңы жумуш орундарын түзүү үчүн ЧОБ ичинен тандалган кардарларга берилген каржылоонун көлөмү 1 668 958 миң сомду түздү.

**ТӨМ 9: Өнөр жай, инновациялар жана инфраструктура**

- Технологияларды өнүктүрүү: Банктын өзүнүн процессинг борборунун мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен ДемирБанк кардарлар менен өз ара аракеттенүүнү автоматташтырган жана банкингдин жеткиликтүүлүгүн жогорулаткан инновациялык санариптик кызматтарды үзгүлтүксүз киргизип келет.
- Отчеттук мезгилдин көрсөткүчтөрү: жаңыланган мобилдик тиркеме аркылуу аралыктан жүргүзүлгөн банк операцияларынын үлүшү 30,92%га жетти. Банктын санарип платформаларынын активдүү колдонуучуларынын саны 293 840ты түздү.

**ТӨМ 13: Климаттын өзгөрүүсүнө каршы күрөшүү**

- Таасирди башкаруу: Банк өзүнүн экологиялык изин минималдаштырат жана КРУБдун талаптарына ылайык кредиттик портфелди талдоодо климаттык жана экологиялык тобокелдиктерди баалоо куралдарын этап-этабы менен киргизет.
- Отчеттук мезгилдин көрсөткүчтөрү: Отчеттук жылда Банк биринчи жолу 1-камтуу (Scope 1), 2-камтуу (Scope 2) жана 3-камтуу (Scope 3, анын ичинде коммьютинг, суу жана калдыктар) боюнча парник газдарынын бөлүнүп чыгышын деталдуу эсептеп чыкты жана келечектеги экологиялык KPI көрсөткүчтөрү үчүн «нөлдүк чекитти» бекитти.

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК (ДемирБанк) — 1997-жылдан бери каржы рынокто ийгиликтүү иштеп жаткан, Кыргыз Республикасындагы 100% чет өлкөлүк капиталы бар биринчи эл аралык коммерциялык банк. Өлкөдөгү эң ийгиликтүү инвестициялык долбоорлордун бири болуп саналган Банк чекене, корпоративдик кардарларга, ошондой эле чакан жана орто бизнес (ЧОБ) секторуна банктык кызматтардын толук спектрин көрсөтөт.

**Банктын акционерлери:**

- **Халит Жынгыллыоглу мырза — 92,5 %.** ДемирБанктын негизги акционери 30 жыл бою Түркия, Нидерланды, Германия, Казакстан жана Кыргыз Республикасында каржы чөйрөсүндө ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Банк секторунда, брокердик агенттиктерде, лизингдик, факторингдик жана камсыздандыруу компанияларында чоң иш тажрыйбасына ээ.
- **HCBG Holding BV «HCBG» — 7,5 %**. Нидерландынын мыйзамдарына ылайык иш алып барган, 2003-жылдын 16-майында катталган жана штаб-батири Амстердам шаарында жайгашкан жеке каржылык холдингдик компания. Компания банк чөйрөсүндө, искусстводо жана кыймылсыз мүлктө инвестицияларды жана өздүк операцияларды жүзөгө ашырат.



Демир Банктын ишмердүүлүгү ар бир кардардын, өнөктөштүн жана кызматкердин жашоосунун өнүгүүсүнүн каалаган этабында ишенимдүү жана ыңгайлуу бөлүгү болууга умтулууну чагылдырган «Сиздин жашооңуз үчүн Банк» бирдиктүү урааны астында курулат. Банктын уникалдуу атаандаштык артыкчылыгы болуп 2002-жылдан бери ийгиликтүү иштеп жаткан VISA жана MasterCard төлөм карталарын тейлөө боюнча өздүк Процессинг борборунун болушу саналат.

**Банктын стратегиялык миссиялары**

Өзүнүн күнүмдүк операциялык ишмердүүлүгүндө жана ESG принциптерин интеграциялоо процессинде ДемирБанк төрт негизги миссияны жетекчиликке алат:

- Кыргыз Республикасынын мыкты коммерциялык банкы болуп, өлкөнүн банк секторунун өнүгүүсүндө лидерлик деңгээлге чыгуу.
- Кардарлар менен өнөктөштөрдүн муктаждыктарын канааттандыруу, кызмат көрсөтүүнүн жогорку сапаты, инновациялык өнүмдөрү жана кызматтары менен таанылуу.
- Кыргыз Республикасынын өткөөл экономикасында ишенимдүү жана алдыңкы каржы мекемеси болуп, өлкөдө банк тармагынын өнүгүшүнө багыт берүүчү жетекчи күч болуу.
- Активдердин өлчөмү, насыялар жана кирешелүүлүгү боюнча өлкөнүн эң чоң үч банкынын катарындагы башкы каржылык мекеме болуу.

**Корпоративдик баалуулуктар**

ДемирБанктын беш фундаменталдык баалуулугу корпоративдик маданияттын негизин түзөт жана Банктын туруктуу өнүгүүгө болгон мамилесин аныктайт:

ЖООПКЕРЧИЛИК

ДемирБанк өзүнүн кардарларын жана өнөктөштөрүн баалап, узак мөөнөттүү жана ишенимдүү кызматташтыктын маанисин түшүнүп, көрсөткөн кызматтарынын сапатына жоопкерчилик алат жана аны жакшыртууга аракет кылат. ДемирБанк кардарларынын ийгиликтери жана банкка болгон ишеними – бул банктын кызматкерлеринин жогорку кесипкөйлүгүнүн көрсөткүчү.

БЕРИЛГЕНДИК

ДемирБанктын кызматкерлери — банктын эң баалуу капиталы, брендге берилген жана жогорку натыйжаларга жетүүгө умтулган кесипкөй адистердин күчтүү жамааты. Банктын кызматкерлери эң мыкты көрсөткүчтөргө жетүүгө умтулушат, ал эми банк, өз учурунда , кызматкерлерине өз милдеттерин жакшы аткарууга жана демилге көрсөтүүгө, банктын кийинки негизги ишкердик өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк түзүүчү натыйжалуу организациялык түзүлүштү түзүүнүн жана колдоонун үстүнөн иштеп келет:

- Эл аралык сапат стандарттарына ылайык жогорку квалификациялуу кызмат көрсөтүү;
- Чечим кабыл алууда ийкемдүүлүк;
- Ар бир кардарга жеке мамиле;
- Өз ара пайдалуу натыйжаларга негизделген өнөктөштүк.

КООМДУК ИШТЕР

ДемирБанк – социалдык жактан жоопкерчиликтүү банк, өзүнүн социалдык саясатынын алкагында коомдун өнүгүүсүнө жана курч маселелерди чечүүгө өз салымын кошууга умтулат. Банк туруктуу негизде коомго колдоо көрсөтүп, кыргызстандыктардын материалдык жана руханий баалуулуктарын арттырууга умтулат. Банк, кардарлары жана өнөктөштөрү жашаган коомго камкордук көрүү жана аны колдоо – ДемирБанктын эң маанилүү маселелеринин бири.

КЕСИПТИК ЭТИКА СТАНДАРТТАРЫ

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК өзүнүн түзүлгөн күнүнөн тартып жакшы кадыр-баркка ээ болуп, Кыргыз Республикасындагы алдыңкы жана ишенимдүү банктардын бири катары таанылган. Банк кызматкерлеринин этикалык принциптери жана жүрүм-турум эрежелери мекеменин уюштуруучулук негиздерин көрсөтүп, «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКтын кардарларына жана кызматкерлерине ишенимдүү өнөктөш катары калыптанышына багытталган. Ар бир кызматкер Банктын жалпы ишмердүүлүгүнө өз салымын кошуп, анын репутациясын, ак ниеттүүлүгүн жана жогорку деңгээлдеги кесипкөйлүгүн бекемдөөгө көмөк көрсөтөт.

БАНКТЫН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУНА КАРШЫ ПОЛИТИКАСЫ

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК кызмат көрсөтүүчү катары өзүнүн иш-аракеттеринде мезгил-мезгили менен актуалдуу жана мүмкүн болгон кызыкчылыктар кагылышууларын байкап, аны өз убагында аныктоого көңүл бурат. Банк мындай кырдаалдарды аныктап, көзөмөлдөп, аларды башкарууга жана айрым учурларда ачыкка чыгарууга аракет кылат. Банк ар түрдүү ишмердүүлүк чөйрөлөрү менен байланышкан кызыкчылыктар кагылышууларын байкап, алдын алууга жана тиешелүү шарттарда аларды ачыкка чыгарыш үчүн аракеттерди көрөт.

## 4.1 Банктын ишмердүүлүгүнүн географиясы

ДемирБанк Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында финансылык кызматтардын кеңири жеткиликтүүлүгүн камсыз кылган өнүккөн инфраструктурага жана заманбап филиалдык тармакка ээ. 2025-жылдын аягына карата аймактык тейлөө тармагы өлкөнүн бардык негизги региондорунда жайгашкан 34 түйүндү камтыйт, анын ичинде 14 толук функционалдуу филиал, 16 сактык касса жана 4 көчмө сактык касса бар.Банк ошондой эле аралыктан банктык тейлөө боюнча өзүнүн инфраструктурасына ээ, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

• 287 банкомат, анын ичинде:

– 80 Cash-In банкоматы,

– 6 recycle-банкомат,

• 2 382 POS-терминал,

• 61 төлөм терминалы.

# Банктын ишмердүүлүгүнүн географиясы




### Кызматтардын толук спектрин көрсөткөн 14 филиал

Жалпысынан 14 филиал өлкө боюнча банктын иш алып барган негизги операциялык аймагын түзөт.

### Өлкө боюнча филиалдардын кеңири тармагы

Филиалдар Талас, Нарын, Ош, Баткен, Жалал-Абад шаарларында жана Каракол шаарында ачылган.

## 4.2 Экономикалык туруктуулук жана мамлекеттин өнүгүүсүнө салыктык салым

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК узак мөөнөттүү экономикалык туруктуулукту жана негизги баланстык көрсөткүчтөрдүн үзгүлтүксүз өсүшүн өзүнүн ESG стратегиясын ишке ашыруунун негизги пайдубалы катары карайт. Активдерди жана капиталды ишенимдүү башкаруу Банкка аманатчылар (салым кошуучулар) үчүн коопсуз институт, карыз алуучулар үчүн ликвиддүүлүктүн туруктуу булагы жана мамлекет үчүн ишенимдүү өнөктөш болуп калууга мүмкүндүк берет. Отчеттук мезгилде ДемирБанк ишмердүүлүктүн бардык стратегиялык багыттары боюнча туруктуу өсүү динамикасын сактап калды.

Кыргыз Республикасынын ири жана ак ниет салык төлөөчүсү катары, ДемирБанк ачык айкындуулук жана отчеттуулук принциптерин жетекчиликке алуу менен өлкөнүн бюджетинин алдындагы өз милдеттенмелерин кемчиликсиз аткарып келет. Банк жыл сайын салык төлөмдөрүнүн көлөмүн көбөйтүп, мамлекеттик социалдык программаларды каржылоого жана коомдук инфраструктураны өнүктүрүүгө түздөн-түз көмөктөшүүдө.

Биздин чыгымдарыбыздын түзүмүндө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна милдеттүү чегерүүлөр өзгөчө мааниге ээ, алардын көлөмү жылдан жылга туруктуу өсүү тенденциясын көрсөтүүдө. Бул Банктын өз персоналына жумшаган инвестицияларынын көбүшүн, жаңы жумуш орундарынын түзүлүшүн, эмгек акылардын үзгүлтүксүз индексацияланышын жана биздин чоң командабыздын ар бир кызматкери үчүн ишенимдүү социалдык кепилдиктердин камсыз кылынышын түздөн-түз чагылдырат.

**Банктын негизги каржылык жана салык көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**

Төмөндө 2023-2025-жылдар аралыгында Банктын бизнесинин көлөмү жана салык салымынын үзгүлтүксүз өсүшүн чагылдырган маалымат берилгег:

Каржылык көрсөткүчтөр жана салык төлөмдөрү (анын ичинде Социалдык фондго которуулар), млн АКШ доллары.

| № / жыл | Негизги көрсөткүчтөр | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы активдер | 622,30 | 777,50 | 917,46 |
| 2 | Өзүнүн капиталы | 93,18 | 110,10 | 132,36 |
| 3 | Депозиттик портфель | 485,05 | 604,45 | 684,28 |
| 4 | Кредиттик портфель | 243,13 | 334,39 | 411,97 |
| 5 | Жалпы салык төлөмдөрү,<br>анын ичинде Социалдык фондго | 7,55 | 9,04 | 9,56 |

*Эскертүү: көрсөткүчтөрдү АКШ долларына кайра эсептөө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тиешелүү отчеттук мезгилдин аягындагы расмий курсу боюнча жүргүзүлдү.*

## 4.2 Экономикалык туруктуулук жана мамлекеттин өнүгүүсүнө салыктык салым




## 4.3 Ассоциацияларга кошулуу

ДемирБанк институционалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө, Кыргыз Республикасынын инвестициялык климатын жакшыртууга жана бизнести жоопкерчиликтүү жүргүзүү принциптерин илгерилетүүгө жигердүү катышат. Банк рыноктун алдыңкы катышуучуларынын биргелешкен аракеттери инновацияларды жана туруктуу өнүгүү стандарттарын кыйла натыйжалуу киргизүүгө мүмкүндүк берерине ишенет.

Отчеттук мезгилде ДемирБанк негизги ишкердик, тармактык жана эл аралык бирикмелердин узак мөөнөттүү өнөктөшү жана жигердүү катышуучусу катары иш алып барды:

- Кыргызстан банктарынын союзу (КБС): Банк банк секторунун ченемдик-укуктук базасын модернизациялоого, улуттук төлөм инфраструктурасын өнүктүрүүгө жана КР Улуттук банкынын колдоосу астында туруктуу каржылоо принциптерин киргизүү боюнча кесипкөй диалогго жигердүү катышат.

- Эл аралык ишкердик кеңеш (ЭИК / IBC): Ассоциациянын алкагындагы өз ара аракеттенүү жагымдуу инвестициялык климатты түзүүгө көмөктөшүүгө, инвесторлордун укуктарын коргоого жана өлкөнүн экономикалык өсүшү маселелери боюнча конструктивдүү мамлекеттик-жеке диалогду өнүктүрүүгө багытталган.

## 4.3 Ассоциацияларга кошулуу

- Кыргыз Республикасындагы Америка соода палатасы (AmCham): Палатага катышуу Банкка эл аралык ишкердик байланыштарды чыңдоого, башкаруунун мыкты глобалдык практикаларын жергиликтүү бизнеске интеграциялоого жана ачык-айкын бизнес чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча демилгелерди колдоого мүмкүндүк берет.

- Rotary Club of Bishkek жана КИТИАД (Кыргыз-Түрк ишкерлер коому): Бул бирикмелерге мүчөлүк кылуу аркылуу Банк калктын аялуу катмарын колдоого жана Кыргыз Республикасынын аймактарын өнүктүрүүгө багытталган социалдык, кайрымдуулук жана гуманитардык долбоорлорду ишке ашырууга жигердүү тартылат.

- Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги: Салымдарды (аманаттарды) милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу тутумунун катышуучусу катары, Банк ишенимдүүлүктүн жогорку деңгээлин камсыз кылат жана өлкөнүн каржы тутумунун туруктуулугун колдоого өбөлгө түзөт.

ДемирБанк ошондой эле Элкарт улуттук төлөм тутумунун, ошондой эле VISA International жана MasterCard Worldwide алдыңкы эл аралык төлөм тутумдарынын расмий лицензияланган өнөктөшү жана катышуучусу болуп саналат жана өздүк Процессинг борборунун базасында алардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылат.

## 5.1 Корпоративдик башкарууга сереп

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖЧКнын корпоративдик башкаруу системасы мыйзамдуулук, ачыктык, отчеттуулук принциптерине жана акционерлер менен кардарлардын укуктарын катуу сактоого негизделген. Ишенимдүү башкаруу Банктын каржылык туруктуулугунун негизи болуп саналат.

Корпоративдик башкаруу жаатындагы негизги ички документтер:

1. Банктын Уставы
2. Директорлор кеңеши жөнүндө жобо
3. Башкарма жөнүндө жобо
4. Дайындоо жана сый акы боюнча комитет жөнүндө жобо
5. Активдерди жана пассивдерди башкаруу комитетинин (КУАП) жобосу
6. Корпоративдик башкаруу кодекси
7. Ишкердик этикасынын жана жүрүм-турумдун кодекси
8. Тобокелдиктерди башкаруу саясаты
9. Маалыматтык коопсуздук саясаты
10. Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө жобо

Банктын корпоративдик башкаруу тутуму ESG принциптерин өзүнө интеграциялайт. Директорлор кеңеши туруктуу өнүгүүнүн стратегиялык маселелерин көзөмөлдөйт, ал эми бардык деңгээлдеги кызматкерлер күнүмдүк ишмердүүлүккө тийиштүү практикаларды киргизүүгө катышышат. Бизнес жүргүзүү процессинде тобокелдиктерди ырааттуу көзөмөлдөө жана өнөктөштөрдүн жоопкерчиликтүү жүрүм-турумун илгерилетүү үчүн экологиялык жана социалдык башкаруу тутуму (ESMS) колдонулат. Банктын ишмердүүлүгү кызыкчылыктардын балансын сактоо, ошондой эле экономикалык, экологиялык жана социалдык максаттарды шайкеш келтирүү менен бирге нарктын узак мөөнөттүү өсүшүнө багытталган. ESG-ыкмасынын негизин ачык-айкындуулук, отчеттуулук, этикалык жүрүм турум, адам укуктарын урматтоо жана коррупцияга карата чыдамсыздык принциптери түзөт.

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКнун жогорку башкаруу органы болуп Акционерлердин жалпы чогулушу саналат. 100% чет өлкөлүк капиталга ээ болуу менен, Банк ачык-айкындуулуктун алдыңкы эл аралык стандарттарына таянат жана бизнестин ээлери, стратегиялык жетекчилик жана аткаруучу органдардын ортосунда кызыкчылыктардын натыйжалуу балансын камсыз кылат.

## 5.1 Корпоративдик башкарууга сереп

ДемирБанктын корпоративдик түзүмүнүн элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүү классикалык үч деңгээлдүү схема боюнча уюштурулган, мында ар бир орган так бөлүштүрүлгөн ыйгарым укуктарга жана отчеттуулук деңгээлине ээ. Корпоративдик катчы башкаруу органдарынын ортосундагы координацияны жана акционерлердин укуктарын коргоону камсыз кылат.

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКнун Директорлор кеңеши стратегиялык башкаруунун коллегиалдуу органы болуп саналат. Ал өнүгүүнүн негизги багыттарын аныктайт, аткаруучу органдардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт жана бизнестин узак мөөнөттүү туруктуулугу үчүн жоопкерчилик тартат. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Акционерлердин жалпы чогулушу тарабынан төрт жылдык мөөнөткө шайланат. 2025-жылдагы абалга ылайык, Директорлор кеңеши 5 мүчөдөн турат, алардын ичинен 2 мүчө «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКнун Директорлор кеңеши жөнүндө жобосунда бекитилген аныктамага ылайык көз карандысыз болуп саналат. Көз карандысыз директорлордун үлүшү Кеңештин жалпы курамынын 40%ын түзөт.

Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрү экономикалык, каржылык жана юридикалык маселелерде кесиптик тажрыйбага, тийиштүү билимдерге ээ жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө коюлган минималдуу талаптарга жооп берет. Бул кабыл алынган чечимдердин калыстыгына жана аткаруучу органдын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугуна өбөлгө түзөт.

**Директорлор кеңешинин курамы:**

| | |
|---|---|
| **Исмаил Хасан Акчакайалиоглу** | **Директорлор кеңешинин төрагасы** |
| **Абдраимов Кубаныч Чоробекович** | Директорлор кеңешинин мүчөсү |
| **Хьюго Виллем Миндерхоуд** | Директорлор кеңешинин мүчөсү |
| **Максытбеков Азамат Курбаналыевич** | Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү |
| **Мамбетжанов Мэлис Тулиндыевич** | Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү |

Директорлор кеңешинин түзүмүндө кабыл алынуучу чечимдерди терең алдын ала экспертизадан өткөрүүнү камсыз кылган профилдик комитеттер калыптанган жана иш алып барат, алсак:

1. Аудит боюнча комитет
2. Тобокелдиктерди башкаруу боюнча комитет
3. Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитет
4. Байланыштуу жактар боюнча комитет

## 5.2 Банктын Башкармалыгы

Башкармалык Банктын учурдагы ишмердүүлүгүнө жетекчиликти жүзөгө ашырган, анын ишин уюштурган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Банктын Уставына, тийиштүү жобого жана ички ченемдик документтерге ылайык иш алып барган туруктуу иштеген коллегиалдуу аткаруучу орган болуп саналат.

Башкармалык Акционерлердин жалпы чогулушу, Банктын Директорлор кеңеши тарабынан кабыл алынган чечимдердин, ошондой эле Директорлор кеңешинин комитеттери тарабынан берилген сунуштардын ак ниети менен, өз убагында, натыйжалуу жана ыкчам аткарылышын камсыз кылат.

Туруктуу өнүгүү жана климат менен байланышкан тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу үчүн жалпы жоопкерчиликти Банктын Башкармалыгы тартат. Бул процесстерди операциялык координациялоо ички контролдоо функциялары боюнча офицерге делегацияланган (өткөрүлүп берилген), ал тийиштүү аспекттерди тобокелдиктерди башкаруу тутумуна интеграциялоону жана негизги тобокелдиктер жана аларды башкаруу боюнча чаралар жөнүндө Башкармалыкка үзгүлтүксүз маалымдап турууну камсыз кылат. Башкармалыктын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына ылайык Директорлор кеңешинин чечими менен дайындалат. Башкармалык 6 (алты) адамдан турат, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген сандан кем эмес болушу керек. Башкармалыктын курамына Башкармалыктын төрагасы болуп саналган Генералдык менеджер, Генералдык менеджердин орун басарлары жана Директорлор кеңеши тарабынан дайындалган Башкармалыктын башка мүчөлөрү кирет.

| | |
|---|---|
| **Лютфуллах Шевки Сарылар** | **Генералдык менеджер** |
| **Омер Юнвер** | Генералдык менеджердин кредиттик ишмердүүлүк боюнча орун басары |
| **Кучерявая Галина Александровна** | Генералдык менеджердин укуктук жана уюштуруучулук ишмердүүлүк боюнча орун басары |
| **Хасан Уфук Динч** | Генералдык менеджердин санариптик банкинг жана маалыматтык технологиялар боюнча орун басары |
| **Трофимушкина Анастасия Валентиновна** | Генералдык менеджердин операциялык ишмердүүлүк боюнча орун басары |
| **Чалбаев Сейтек Азатович** | Бизнести трансформациялоо башкаруучу директор |

## 5.3 Кызматтык этика

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК өзүнүн ишмердүүлүгүн ишкердик репутацияны сактоо жана колдоо, мыйзамдуулук жана ачык-айкындуулук принциптерин жетекчиликке алуу менен курат. Банктын ички маданиятын жана сырткы коммуникацияларын жөнгө салуучу негизги документтер болуп Корпоративдик башкаруу кодекси жана Ишкердик жүрүм-турум этикасынын кодекси саналат. Бул документтер Банктын бардык кызмат адамдары жана кызматкерлери тарабынан аткарылышы милдеттүү болгон бирдиктүү баалуулуктар тутумун калыптандырат. Банктын максаты — жөнгө салуучу талаптарга жооп берүү гана эмес, ошондой эле Кыргызстандын каржы секторунда бизнести адилеттүү жүргүзүүнүн жогорку стандарттарын колдоо болуп саналат.

Банктын туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгү биздин бизнес-багыттарыбызды жана стейкхолдерлор (кызыкдар тараптар) менен өз ара аракеттенүү стандарттарыбызды аныктоочу беш негизги принципке негизделет, алар: жоопкерчилик, берилендик, социалдык жигердүүлүк, кесиптик этика стандарттарын сактоо жана кызыкчылыктардын кагылышуусуна карата Банктын саясаты.

Корпоративдик башкаруу кодексине ылайык, Банкта мүмкүн болгон кагылышуу кырдаалдарын (конфликттерди) өз убагында аныктоо, контролдоо, жөнгө салуу жана ачыктоо тутуму түзүлгөн.

## 5.4 Коррупцияга каршы саясат жана паракорчулукка каршы аракеттенүү

Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук принциптерине берилгендиктин алкагында ДемирБанкта коррупциянын, паракорчулуктун жана коммерциялык паралап сатып алуунун ар кандай көрүнүштөрүнө таптакыр жол бербөө (нөлдүк чыдамсыздык) принцибине негизделген катуу коррупцияга каршы саясат иштейт. Банк отчеттук жылда коррупцияга байланышкан эреже бузууларды каттаган жок.

1. Коррупциялык көрүнүштөрдүн ар кандай түрлөрүнө тыюу салуу: Банк өзүнүн кызматкерлерине, жетекчилерине жана өкүлдөрүнө мамлекеттик органдар, коммерциялык өнөктөштөр же кардарлар менен болгон мамилелерде кандайдыр бир мыйзамсыз сый акыларды, материалдык баалуулуктарды, кызмат көрсөтүүлөрдү же мүлктүк мүнөздөгү пайдаларды сунуштоого, берүүгө, убада кылууга, талап кылууга же кабыл алууга катаал түрдө тыюу салат.
2. Стейкхолдерлор менен иштөөдө тобокелдиктердин алдын алуу: Банктын корпоративдик стандарттары ишкердик белектерди, өкүлчүлүк чыгымдарды же кайрымдуулуктарды паралап сатып алуунун жашыруун формасы же негизсиз коммерциялык артыкчылыктарга ээ болуу куралы катары колдонуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

3. Арызданууучуларды коргоо жана кайтарым байланыш каналдары: Банкта ачык айкындуулукту, отчеттуулукту жана кызыкдар тараптардын укуктарын коргоону камсыз кылган ишенимдүү ички контролдоо тутуму түзүлгөн. Кез келген кызматкер, өнөктөш же кардар коррупция фактылары, комплаенс-тобокелдиктер же Этика кодексинин бузулушу тууралуу билдире алат. Банк эреже бузуулар жөнүндө ак ниети менен билдирген адамдардын купуялуулугун жана аларды дискриминациядан же куугунтуктан коргоону кепилдейт. Кайрылууларды, пикирлерди же эреже бузуулар тууралуу билдирүүлөрдү жөнөтүү үчүн төмөнкү байланыш каналдары иштейт:

Кардарлар жана сырткы өнөктөштөр үчүн:

- Расмий сайт: сайттагы атайын бөлүмдө кайтарым байланыш формасын толтуруу: https://www.demirbank.kg/retail/feedback/form.
- Пикирлер жана сунуштар китеби: Банктын каалаган филиалында же сактык кассасында жазуу жүзүндө тариздөө.
- Электрондук дарек: Сапатты контролдоо кызматынын ServiceQualityDepartment@demirbank.kg дарегине билдирүү жөнөтүү.
- Контакт-борбор: +996 (312) 610 610 же 2222 (уюлдук телефондон чалуу акысыз) номерлери боюнча күнү-түнү чалуулар.
- WhatsApp мессенджери: +996 770 610 610 номерине тексттик кайрылуулар.
- Почта дареги: Төмөнкү дарекке расмий кат жөнөтүү: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй кең көчөсү, 245.
- Жеке визит: Банктын жооптуу адисине же бөлүмдүн жетекчилигине түздөн түз кайрылуу.

Банктын кызматкерлери үчүн:

- Ички байланыш каналы: Купуялуу (конфиденциалдуу) ички кайрылууларды берүү үчүн Персонал менен иштөө бөлүмүнүн (HR-департамент) атайын корголгон каналы.

## 5.5 Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКу каржылык операциялардын ачык айкындуулугуна жана кардарлар менен акционерлердин кызыкчылыктарын коргоого өзгөчө маани берет. Бул чөйрөдөгү негизги курал болуп Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө жобо саналат. Документ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Банктын Уставына, Ишкердик жүрүм-турум этикасынын кодексине, Байланыштуу жана аффилирленген жактар менен операциялар боюнча саясатка, ошондой эле башка ички ченемдик документтерге ылайык иштелип чыккан. Жобонун максаты — Банктын учурдагы ишмердүүлүгүндө, ошондой эле Банк, анын кардарлары, ишкердик өнөктөштөрү жана байланыштуу жактардын ортосунда бүтүмдөрдү жана операцияларды жүргүзүүдө келип чыгуучу кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу, аныктоо жана жөнгө салуу болуп саналат.

### Башкаруу тутумунун негизги милдеттери

Коюлган максаттарга жетүү үчүн Банк төмөнкү негизги милдеттердин аткарылышын камсыз кылат:

- Процедураларды регламенттөө: Банктын кызматкерлеринин өздөрүнүн эмгек милдеттерин аткаруу учурунда келип чыгуучу кызыкчылыктардын кагылышуусун аныктоонун жана жөнгө салуунун так тартибин белгилөө;
- Жеке таасирди чектөө: Кызматкерлердин жеке кызыкчылыктарынын жана жеке кызыкдарлыгынын алар тарабынан аткарылып жаткан эмгек функцияларына жана кабыл алынуучу ишкердик чечимдерге тийгизген таасирин минималдаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана киргизүү;
- Этиканын жогорку стандарттары: Банктын стратегиялык максаттарын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон корпоративдик башкаруунун жана кесиптик этиканын деңгээлин колдоо;
- Маалыматтык ачык-айкындуулук: Кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу процесстеринин тактыгын жана бардык кызыкдар тараптар үчүн ачыктыгын камсыз кылуу.

### Аткаруунун милдеттүүлүгү жана комплаенс-контроль

Жобо ДемирБанктын комплаенс-тобокелдиктерин башкаруунун жалпы тутумунун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Анын талаптары ээлеген кызматына жана ишмердүүлүк чөйрөсүнө карабастан Банктын бардык түзүмдүк бөлүмдөрү, кызмат адамдары жана кызматкерлери үчүн милдеттүү.

## 5.5 Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу

Контролдоо тутумунун актуалдуулугун сактоо максатында Жобо үзгүлтүксүз кайра каралып турат жана жаңыртылып турат. Документке бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор Банктын Директорлор кеңешинин чечими боюнча гана киргизилет, ошондой эле Директорлор кеңеши кызыкчылыктардын кагылышуусуна байланышкан ишмердүүлүктөгү мүмкүн болгон коркунучтар жөнүндө Башкармалык тарабынан туруктуу негизде маалымдалып турат.

## 5.6 Кылмыштуу ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү (КПК/КЛКА)

ДемирБанк каржылык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча глобалдык аракеттерди колдоп, мыйзамдуулук, ачык-айкындуулук жана отчеттуулук принциптерин кемчиликсиз сактайт. Банктагы жөнгө салуучулук жана репутациялык тобокелдиктерди азайтуу максатында, «Өз кардарыңды бил» эл аралык принцибине негизделген Кардарларды талаптагыдай текшерүү жүргүзүү жөнүндө жобо иштейт.

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын террористтик ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле Банктын ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыккан.

Жобо КИК/КЛКА тобокелдиктерин катуу контролдоону жана натыйжалуу башкарууну камсыз кылууга багытталган процесстерди жөнгө салат. Бул механизмдер кардарларды тейлөөгө кабыл алууда жана операцияларды жүргүзүүдө Банктын ишмердүүлүгүнүн бардык деңгээлдеринде колдонулат. Комплаенс-контроль бөлүмүнүн ички процесстери төмөнкү негизги процедураларды камтыйт:

- Идентификациялоо жана верификациялоо: кардардын өздүгүн аныктоо, берилген маалыматтарды текшерүү жана бенефициардык менчик ээсин аныктоо. Маалыматтардын ишенимдүүлүгүн верификациялоо көз карандысыз булактарды колдонуу менен жүзөгө ашырылат.

- Туруктуу мониторинг: кардарлардын эсептери боюнча операцияларга үзгүлтүксүз көз салуу жана алардын тобокелдик деңгээлине баа берүү же кайра баалоо.

## 5.6 Кылмыштуу ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү (КПК/КЛКА)

- Идентификациялык маалыматтарды үзгүлтүксүз жаңыртуу: маалыматтардын актуалдуулугун сактоо максатында Банкта кардарларга ыйгарылган тобокелдик деңгээлине жараша алардын маалыматтарын пландуу жаңыртуу графиги киргизилген:
    - Жогорку тобокелдик деңгээлиндеги кардарлар — маалыматтарды жаңыртуу жылына кеминде бир жолу жүргүзүлөт;
    - Орто тобокелдик деңгээлиндеги кардарлар — маалыматтарды жаңыртуу эки жылда кеминде бир жолу жүргүзүлөт;
    - Төмөнкү тобокелдик деңгээлиндеги кардарлар — маалыматтарды жаңыртуу үч жылда кеминде бир жолу жүргүзүлөт.

**«Өз кардарыңды бил» саясатынын натыйжалуулук критерийлери**

«Өз кардарыңды бил» саясаты ДемирБанктын ички контролдоо тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Эгерде кардарларды талаптагыдай текшерүү чараларын көрүүнүн натыйжасында Банктын кызматкерлери төмөнкүлөрдү так жана негиздүү түшүнүп билсе, анда бул саясат ийгиликтүү ишке ашырылды деп эсептелет:

- кардардын акылга сыярлык жана экономикалык жактан негизделген мыйзамдуу ишмердүүлүгүн;
- банк тарабынан жогорулатылган контролду жана талаптагыдай текшерүүнүн күчөтүлгөн чараларын тез арада колдонууну талап кылган шектүү жана экономикалык жактан негизсиз ишмердүүлүгүн.

«Өз кардарыңды бил» принцибин бардык бизнес-процесстерге интеграциялоонун эсебинен, ДемирБанк каржылык операциялардын жогорку ишенимдүүлүгүн жана банктык экосистеманы мыйзамсыз ишмердүүлүккө тартылуудан коргоону камсыз кылат.

## 5.7 Тобокелдиктерди башкаруу

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК өзүнүн күнүмдүк ишмердүүлүгүндө тобокелдиктерди башкаруунун натыйжалуу тутумун түзүүгө жана сактоого өзгөчө маани берет. Биз тобокелдик-менеджментти үзгүлтүксүз процесс жана Банктын бардык бизнес процесстеринин өзгөчөлөнгүс бөлүгү катары карайбыз.

## 5.7 Тобокелдиктерди башкаруу

Тобокелдиктерди башкаруу тутумунун башкы максаты — мүмкүн болгон жоготууларды өз убагында аныктоо, баалоо жана азайтуу, ошондой эле ДемирБанктын операциялык ишмердүүлүгүнө, кемчиликсиз ишкердик репутациясына жана каржылык туруктуулугуна терс таасирин тийгизе турган ар кандай жагдайлардын алдын алуу болуп саналат. ESG жана климаттык тобокелдиктердин көрсөткүчтөрү Банктын тобокелдиктерди башкаруу боюнча отчеттуулук тутумунун алкагында Башкармалыктын көңүлүнө үзгүлтүксүз жеткирилип турат.

Бардык банктык экосистеманын максималдуу ачык-айкындуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн ДемирБанкта ички контролдоонун натыйжалуу тутуму түзүлгөн, анын ажырагыс бөлүгү жана негизи болуп эл аралык деңгээлде таанылган «Үч линия» модели саналат. Бул ыкма операциялык бөлүмдөрдүн (биринчи линия), комплаенс жана тобокелдик-менеджмент функцияларынын (экинчи линия), ошондой эле көз карандысыз ички аудиттин (үчүнчү линия) ортосундагы милдеттерди так бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

### Тобокелдик-аппетитти калыптандыруу жана бекитүү процесси

Тобокелдиктерди алдын ала башкаруунун эң маанилүү куралы болуп алдыдагы жылга карата тобокелдик-аппетит жөнүндө отчетту жыл сайын иштеп чыгуу жана бекитүү саналат. Бул документ стратегиялык максаттарга ийгиликтүү жетүү жана бекитилген бизнес-планды аткаруу үчүн ДемирБанк тобокелдиктерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн чегинде кабыл алууга даяр болгон тобокелдиктердин бардык түрлөрүнүн жыйынды деңгээлин белгилейт.

Комплекстүү ESG-стратегиясынын алкагында ДемирБанк өз максаттарынын тегерегиндеги өзгөрүүлөрдүн (вариациялардын) жол берилүүчү деңгээлинин чектерин белгилейт. Тобокелдик-аппетитти аныктоодо түз каржылык көрсөткүчтөр гана эмес, бизнестин туруктуулугуна түздөн-түз таасир этүүчү, өлчөөсү татаал болгон каржылык эмес тобокелдиктер да милдеттүү түрдө эске алынат:

- Каржылык рыноктогу ДемирБанктын репутациясы;
- Кызматкерлердин же өнөктөштөрдүн ишмердүүлүгүндө этикага жатпаган тажрыйбалардын пайда болуу тобокелдиктери.

## 5.7 Тобокелдиктерди башкаруу

Тобокелдик-аппетитти иштеп чыгуу, верификациялоо жана бекитүү процесси так регламенттелген мүнөзгө ээ жана өзүнө төрт негизги этапты камтыйт:

1. Калыптандыруу: Тобокелдиктерди башкаруу бөлүмү тобокелдик-аппетиттин көрсөткүчтөрүн баштапкы эсептөөнү, моделдөөнү жана калыптандырууну жүзөгө ашырат.
2. Алдын ала карап чыгуу: ДемирБанктын Башкармалыгы документтин долбоорунун операциялык пландарга шайкештигин деталдуу түрдө изилдеп чыгат.
3. Баалоо: Директорлор кеңешинин Тобокелдиктерди башкаруу боюнча комитети сунушталган тобокелдик деңгээлдерине ар тараптуу эксперттик баа берүүнү өткөрөт.
4. Бекитүү: ДемирБанктын Директорлор кеңеши жылдык бизнес-пландаштыруу жана бюджеттөө процессинин алкагында тобокелдик-аппетит жөнүндө отчетту расмий түрдө бекитет.

Директорлор кеңеши тарабынан белгиленген тобокелдик-аппетиттин деңгээли тобокелдик-менеджменттин бүткүл түзүмү үчүн милдеттүү багыт болуп саналат жана кийинки кезекте ДемирБанктын бардык колдонулуучу ички лимиттерин, ченемдерин жана чектөөлөрүн иштеп чыгууда милдеттүү тартипте эске алынат.



## 6.1 Кардарларга карата жоопкерчиликтүү мамиле

Өзүнүн негизги миссиясын — Кыргыз Республикасындагы эң мыкты коммерциялык банк болууну жана өлкөнүн банк секторун өнүктүрүүдө алдыңкы ролду ойноону жетекчиликке алуу менен — ДемирБанк күн сайын тейлөө стандарттарын өзгөртүп турат. Биз кардар алдындагы жоопкерчилик декларациялар менен эмес, тейлөөнүн туруктуулугу, инфраструктуранын жеткиликтүүлүгү, маалыматтардын коопсуздугу жана жергиликтүү ишкердикти өнүктүрүүгө кошулган реалдуу салым менен өлчөнөт деп ишенебиз.

ДемирБанк үчүн ишеним — бул узак мөөнөттүү милдеттенме. Биз каржылык кызматтардын технологиялуулугу жана коопсуздугу үчүн толук жоопкерчиликти өзүбүзгө алабыз. Банк кардарлардын канааттануусун жана ийгилигин ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун маанилүү көрсөткүчү катары карайт. Муну менен бирге, Кыргызстандын динамикалуу экономикасынын шарттарында биз чечимдерди кабыл алуунун жогорку ыкчамдыгын сактап келебиз жана банктык өнүмдөрдү ар бир өнөктөштүн — чекене аманатчыдан тартып ири холдингге чейинки — уникалдуу муктаждыктарына ылайыкташтырабыз.

Кардар алдындагы жоопкерчилик — бул каалаган убакта жана өлкөнүн каалаган чекитинде сапаттуу каржылык кызматты алуу мүмкүнчүлүгү. Каржылык рынокто заманбап технологиялык чечимдерди колдонуу менен, ДемирБанк тоскоолдуксуз чөйрөнү түзүүгө өзгөчө көңүл буруп, банктык өзүн-өзү тейлөөнүн кеңири тармагын жайылтты. Биздин филиалдык тармагыбыз Кыргызстандын негизги аймактарын байланыштырган 30га жакын заманбап офистерди жана сактык кассаларын камтыйт. Банктын офистери ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү кардарлар үчүн пандустар жана жеткиликтүүлүк элементтери менен пландуу түрдө жабдылууда. Каражаттарга үзгүлтүксүз жеткиликтүүлүктү 250дөн ашык банкоматтан турган тармак камсыз кылат, ал республиканын ар бир ири калктуу пунктунда накталай акча жана төлөм операцияларына сутка бою жеткиликтүүлүктү кепилдейт. Муну менен катар, өлкөдөгү эң ири тармактардын бири болгон жана 2 400гө жакын POS-терминалдарды камтыган тармак (алардын басымдуу бөлүгү NFC/PayWave тийүүсүз төлөм функциясын колдойт) КРда коопсуз накталай эмес эсептешүү маданиятын жигердүү өнүктүрүүдө.

Биз ошондой эле тейлөөнүн аралыктан көрсөтүлүүчү каналдарын жигердүү өнүктүрүп, кардарларга убакытты, ал эми планетага ресурстарды үнөмдөөгө жардам берип жатабыз. «ДемирБанк Mobile» мобилдик тиркемеси жана жаңыртылган Интернет-банкинг базалык операциялардын басымдуу бөлүгүн аралыктан, офиске келүү зарылчылыгысыз эле жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет. Кагазсыз технологияларга (Paperless) өтүү алкагында документ жүгүртүүнү санариптик форматка этап-этабы менен өткөрүү Банкка кардарлар менен биргеликте күн сайын кагаздын олуттуу көлөмүн сактап калууга жана кыйыр экологиялык таасирди ырааттуу түрдө азайтууга мүмкүндүк берет.

## 6.1 Кардарларга карата жоопкерчиликтүү мамиле

Чакан жана орто бизнес (ЧОБ) секторун өнүктүрүү — ESG-стратегиясынын алкагында ДемирБанктын башкы артыкчылыктарынын бири. Чакан жана орто бизнес республиканын экономикалык туруктуулугунун негизин түзөт, ал эми Банк ал үчүн ишенимдүү акселератор катары чыгат. Биз ишкерлерге бизнести кеңейтүү жана модернизациялоо үчүн максаттуу насыялоонун жеткиликтүү программаларын, санариптик рыноктorго чыгуу үчүн электрондук коммерциянын заманбап куралдарын жана жаш компаниялардын чыгымдарын азайтуучу атайын эсептешүү-кассалык тейлөө пакеттерин сунуштайбыз.

ДемирБанк үчүн кардарлардын өздөрүн корголгон сезүүсү маанилүү. Биз КР калкынын каржылык жана санариптик сабаттуулугун жогорулатуу боюнча программаларды туруктуу негизде ишке ашырып келебиз. Банк өзүнүн расмий каналдары жана социалдык тармактары аркылуу стейкхолдерлердин социалдык жана операциялык тобокелдиктерин азайтуу менен, кардарларга кибершылуулуктан коргонуу ыкмалары жана төлөм карталарын коопсуз колдонуу эрежелери жөнүндө үзгүлтүксүз маалымдап турат.

## 6.2 Аялдардын ишкердигин колдоо жана инклюзивдик экономиканы өнүктүрүү

ДемирБанктын өз кардарлары алдындагы жоопкерчилигинин ачык далили жана дүйнөлүк деңгээлдеги биздин жогорку ишенимдүүлүгүбүздүн таанылышы — Эл аралык каржы корпорациясы менен стратегиялык келишимге кол коюлушу болду. Бул масштабдуу өнөктөштүктүн алкагында Банк Кыргызстандагы чакан жана орто бизнести максаттуу колдоого жана сапаттуу өнүктүрүүгө багытталган улуттук валютанын эквивалентинде он беш миллион АКШ доллары өлчөмүндө инвестиция тартты. Бул биргелешкен программа ата мекендик ишкерлердин узак мөөнөттүү туруктуулугун колдоого багытталган жана бир нече негизги милдеттерди натыйжалуу чечет.

Биринчи кезекте, бул демилге аялдардын ишкердигин тутумдук түрдө колдоону камсыз кылат, анткени программанын башкы артыкчылыгы болуп аялдар жетектеген компанияларды жеткиликтүү каржылоо саналат, бул өлкөдө аялдардын лидерлигин өнүктүрүү жана инклюзивдик экономикалык чөйрөнү куруу үчүн жаңы горизонтторду ачат. Дагы бир маанилүү фактор — бардык насыялоо өзгөчө сом менен түзүлгөндүгүндө, ал эми бул жергиликтүү бизнести алмашуу курсунун өзгөрүү тобокелдиктеринен жана валюталык шоктордон толугу менен коргойт. Мындан тышкары, бул каржылоо биздин кардарларга өндүрүштү ишенимдүү кеңейтүүгө, бизнести модернизациялоого жана биргелешкен аракеттер менен беш жылдын ичинде чакан жана орто бизнес секторунда эки миңге чейин жаңы жумуш орундарын түзүүгө мүмкүндүк берет — бул Эл аралык каржы корпорациясынын болжолдуу баалоосуна ылайык келет.

## 6.2 Аялдардын ишкердигин колдоо жана инклюзивдик экономиканы өнүктүрүү

Бул стратегиялык өнөктөштүктүн практикалык натыйжалары Кыргыз Республикасынын экономикасынын реалдуу секторунда өз чагылдырылышын табууда. Отчеттук мезгилдин аягына карата Эл аралык каржы корпорациясы менен түзүлгөн келишимдин линиясы боюнча ДемирБанк тарабынан жалпы суммасы 14 000 миң сомго 12 максаттуу насыя ийгиликтүү берилди. Багытталган ресурстар аял ишкерлерге өз ишканаларынын жүгүртүү капиталын чыңдоого, жабдууларды модернизациялоого жана бизнести жүргүзүүнүн кыйла туруктуу тажрыйбаларын киргизүүгө мүмкүндүк берди. Эл аралык каржы корпорациясы тарабынан комплекстүү текшерүүнүн ийгиликтүү өтүшү ДемирБанк кардарлардын кызыкчылыктарын коргоонун эң мыкты дүйнөлүк стандарттарын киргизгенин далилдейт, бул алардын ишенимдүү өсүшү үчүн ишенимдүү, ачык-айкын жана туруктуу каржылоону кепилдейт.

## 6.3 Жоопкерчиликтүү каржылоо

2025-жылы ДемирБанк туруктуу каржылоонун көлөмүн баалоо үчүн баштапкы таяныч пунктун («нөлдүк деңгээлди») калыптандырды. Отчеттук мезгилде каржыланган эң ири долбоорлордун бири — гидроэлектростанциянын курулушуна **1 529 773,08** миң сом өлчөмүндө насыя берүү болду. 2025-жыл үчүн туруктуу каржылоонун көлөмү банк тарабынан берилген насыялардын жалпы көлөмүнүн **21,7%ын** түздү. Туруктуу активдердин үлүшүн эсептөө үчүн отчеттук мезгилдин акырына карата Банктын берилген насыяларынын жалпы көлөмү колдонулду, ал **21 119 961,73** миң сомду түздү.

**ДемирБанктын 2025-жыл ичинде берген насыяларынын түзүмү**

| Аталышы | Берилген насыянын суммасы (миң сом) | Берилген насыянын суммасы (%) | Туруктуу өнүктүрүүгө кошулган салымдын түрү |
|---|---|---|---|
| **Чакан жана орто бизнес (ЧОБ)** | 1 668 958 | 7,9 | Экономикалык өнүгүүнү жана аймактарда жумуш менен камсыздоону колдоо |
| **Жашыл каржылоолор:** Энергия натыйжалуулугу, энергиянын кайра жаралуучу булактары чөйрөсүндөгү долбоорлорду жана KyrSEFF программасынын алкагында жана банктын өздүк каражаттарынын эсебинен түз экологиялык натыйжасы бар башка демилгелерди каржылоо. | 2 780 173,07 | 13,2 | Экология (E): энергия эффективдүүлүк жана ресурстарды үнөмдөө |
| **Социалдык каржылоолор:** Өздүк насыялык өнүмдөрдүн («Аялзат» жана «Арууке») алкагында, ошондой эле Эл аралык каржы корпорациясынын (IFC) максаттуу каржылоо линиялары боюнча аялдардын ишкердигин колдоо. | 131 253 | 0,6 | Социалдык чөйрө (S): бизнестеги аял затын колдоо |
| **Отчеттук мезгилде туруктуу каржылоонун көлөмү** | 2 517 122 | 21,7 | Түз максаттуу ESG каржылоо |
| **2025-жыл үчүн берилген насыялардын жалпы көлөмү** | 21 119 962 | 100 | Эсептөө үчүн баштапкы көрсөткүч |

## 6.3 Жоопкерчиликтүү каржылоо




## 6.4 Маалыматтык коопсуздук

ДемирБанктын санариптик кызматтарынын динамикалуу өнүгүшү кибертуруктуулукту туруктуу чыңдоо менен тыгыз байланыштуу. Биз кардарларыбыздын жана өнөктөштөрүбүздүн ишеними маалыматтардын жана каржылык каражаттардын купуялуулугунун, бүтүндүгүнүн жана жеткиликтүүлүгүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылуу жөндөмдүүлүгүбүздөн түздөн-түз көз каранды экендигин терең түшүнөбүз. ДемирБанк өзүнүн маалыматты коргоо тутумун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкын ченемдик укуктук актыларына жана алдыңкы эл аралык стандарттарга ылайык курат.

Операциялык жана кибер тобокелдиктерди минималдаштыруу максатында ДемирБанк тарабынан негизги ички ченемдик документтер — Маалыматтык коопсуздук саясаты жана жобосу иштелип чыгып, ийгиликтүү ишке ашырылган. Бул документтер маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун дүйнөлүк деңгээлде таанылган мыкты тажрыйбаларына негизделет:

- PCI DSS төлөм карталары индустриясынын маалымат коопсуздугу стандарты;
- ISO/IEC 27001 эл аралык стандарты (Маалыматтык коопсуздук менеджмент системалары);
- NIST Cybersecurity Framework интеграцияланган методологиясы.

Биздин технологиялык инфраструктуранын ишенимдүүлүгүн тастыктаган маанилүү этаптардын бири болуп Банктын расмий сертификациядан ийгиликтүү өтүшү жана төлөм карталары индустриясынын маалымат коопсуздугу боюнча PCI DSS эл аралык стандартына шайкештигин үзгүлтүксүз тастыктап туруусу саналат. Бул сертификаттын болушу төлөм карталары аркылуу жүргүзүлгөн бардык транзакциялар учурунда кардарлар жана эл аралык өнөктөштөр үчүн эң жогорку деңгээлдеги коопсуздукту кепилдейт.

**Киберкоопсуздук маданияты жана санариптик гигиена**

ДемирБанк технологиялардын тездик менен өнүгүп жаткан шартында маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу маалыматтык технологиялар жана маалыматтык коопсуздук бөлүмдөрүнүн гана техникалык милдети болбой калганын түшүнөт. Бул – үзгүлтүксүз жүргүзүлүүчү процесс жана Банк менен өз ара аракеттенүүнүн бардык деңгээлдеринде кызматкерлердин, өнөктөштөрдүн жана кардарлардын биргелешкен жоопкерчилиги. Киберкоопсуздук маданияты биздин корпоративдик маданиятыбыздын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана эки негизги багытка негизделет:

- Ички экосистема (Банктын кызматкерлери үчүн): Адамдык фактор бүткүл дүйнөдө маалыматтарды коргоо чөйрөсүндөгү негизги алсыздыктардын бири катары калууда. Аны азайтуу максатында ДемирБанкта кызматкерлерди үзгүлтүксүз окутуунун тутумдук тутуму түзүлгөн. Банктын бардык штаттык адистери жана кызмат адамдары, ээлеген кызматына карабастан, санариптик гигиена, сырсөздөрдү коопсуз башкаруу жана куулук менен жасалган чабуулдарды, анын ичинде фишингди жана социалдык инженерия ыкмаларын таанып билүү боюнча милдеттүү курстардан үзгүлтүксүз өтүп турушат. Окутуунун натыйжалуулугун контролдоо үчүн Банк туруктуу негизде киберчабуулдарды симуляциялоону жана ички тестирлөөнү үзгүлтүксүз өткөрүп турат. Бул команданын сергектигинин эң жогорку деңгээлин сактоого мүмкүндүк берет жана ар бир кызматкер өзүнүн күнүмдүк эмгек милдеттерин аткарууда Маалыматтык коопсуздук боюнча жобонун нускамаларын так аткаруусун кепилдейт.

- Тышкы периметр (кардарлар жана өнөктөштөр үчүн): ДемирБанк санариптик каржы дүйнөсүндө ишенимдүү жол көрсөтүүчү катары чыгуу менен, каражаттардын коопсуздугу үчүн жоопкерчиликти өзүнүн кардарлары менен биргеликте жигердүү бөлүшөт. Банк Кыргыз Республикасынын калкынын каржылык жана санариптик сабаттуулугун жогорулатууга багытталган үзгүлтүксүз агартуу жана алдын алуу иштерин жүргүзөт. Расмий сайт, верификацияланган социалдык тармактар, маалыматтык билдирүүлөр жана түздөн-түз «ДемирБанк Mobile» мобилдик тиркемесинин интерфейстери аркылуу биз колдонуучуларга кибершылуулуктун жаңы схемалары жөнүндө үзгүлтүксүз маалымдап турабыз. Кардарлар жеке маалыматтарды коргоо, төлөм карталарынын купуялуулук эрежелери, коопсуз онлайн-сатып алуулар жана эки факторлуу аутентификацияны колдонуунун маанилүүлүгү боюнча практикалык сунуштарды алышат.

## 6.4 Маалыматтык коопсуздук

Мындай эки тараптуу ыкма ДемирБанкка өзүнүн санариптик кызматтарынын айланасында аң-сезимдүү жана корголгон чөйрөнү калыптандырууга мүмкүндүк берет, бул бардык кызыкдар тараптар үчүн операциялык жана социалдык тобокелдиктерди минималдаштырат.

**Купуялуулукту жана маалыматтарды коргоону камсыз кылуу.**

Маалыматтардын сыртка чыгып кетүүсүн жана сырткы коркунучтарды алдын алуу үчүн ДемирБанк алдыңкы технологиялык чечимдерди, ички контролдоонун катуу регламенттерин жана үзгүлтүксүз мониторингди айкалыштырган комплекстүү ыкманы колдонот:

- Инфраструктураны жана транзакцияларды коргоо: Банк маалыматтарды шифрлөөнүн заманбап көп деңгээлдүү тутумдарын, жаңы муундагы тармактар аралык экрандарды жана уруксатсыз кирүүлөрдүн алдын алуу тутумдарын колдонот. Бул төлөмдөрдү физикалык өзүн-өзү тейлөө түзүлүштөрү аркылуу да, ошондой эле аралыктан тейлөө каналдарында да жүргүзүүнүн ишенимдүүлүгүн кепилдейт.

- Купуялуулукту сактоо: Маалыматтык коопсуздук боюнча саясатка ылайык, Банкта маалыматтык ресурстарга кирүү укуктарын так бөлүштүрүүнүн катуу тутуму киргизилген. Кызматтык, коммерциялык, банктык жана мыйзам менен корголуучу башка сырларды камтыган маалыматтарды, ошондой эле кардарлардын жана кызматкерлердин жеке маалыматтарын кемчиликсиз коргоо камсыз кылынат.

- Инциденттердин мониторинги: Банктын профилдик бөлүмдөрү потенциалдуу киберкоркунучтарды жана уруксатсыз кирүүлөрдү алдын алуу, эрте аныктоо жана тез арада зыянсыздандыруу үчүн реалдуу убакыт режиминде ИТ-периметрге мониторинг жүргүзүп турушат.

«Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК (ДемирБанк) климаттын өзгөрүү көйгөйлөрүнө карата глобалдык кооптонууну толугу менен тең бөлүшөт жана өзүнүн экологиялык таасирин минималдаштырууга умтулат. Кыргыз Республикасынын алдыңкы каржы институту катары Банк айлана-чөйрөгө түз масштабдуу өнөр жайлык басым жасабайт. Ошентсе да, биз тармакталган кеңсе инфраструктурабыздын, филиалдарыбыздын жана автоунаа паркыбыздын иштешин камсыз кылуу менен байланышкан жаратылыш ресурстарын керектөө жана көмүртек изинин калыптанышы үчүн өз жоопкерчилигибизди тең түшүнөбүз. ДемирБанктын климаттык бейтараптуулукка карай жолундагы эң маанилүү кадамы — парник газдарынын бөлүнүп чыгышын үзгүлтүксүз жана тутумдук негизде эсептөөгө өтүүсү болду. Бул эсепке алуу бизге учурдагы таасирибизди санариптештирүүгө, эмиссиянын негизги булактарын аныктоого жана бизнесибиздин көмүртек сыйымдуулугун төмөндөтүү боюнча так, өлчөнүүчү чараларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

ДемирБанктын операциялык көзөмөлүндө турган объекттердин түз жана кыйыр климаттык таасирин баалоо үчүн административдик-чарбалык эсепке алуунун маалыматтары жана сандык көрсөткүчтөрдү т$CO_2$е (көмүр кычкыл газынын эквивалентинин тоннасы) менен эсептөөчү Парник газдары боюнча протоколдун (GHG Protocol, ISO 14064, МӨКЭП/IPCC) эл аралык методологиясы колдонулду.

Баалоо периметрине кызматтык автотранспорт жана генератордук түзүлүштөр тарабынан мотор жана дизель отунун керектөөдөн келип чыккан түз бөлүнүп чыгуулар — муздатуучу агенттердин (хладагенттердин) агып чыгууларын эсепке албастан (1-камтуу), филиалдык тармактын муктаждыктары үчүн сатып алынган электр жана жылуулук энергиясынан келип чыккан кыйыр энергетикалык бөлүнүп чыгуулар (2-камтуу), ошондой эле жеткирүү чынжыры боюнча башка кыйыр бөлүнүп чыгуулар, анын ичинде кызматкерлердин жол жүрүүсү, бөтөлкөдөгү сууну колдонуу жана операциялык калдыктарды утилизациялоо (3-камтуу) кирди.

## 7.1 Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы

**1-камтуу жана 2-камтуу боюнча парник газдарынын эмиссиясынын сандык көрсөткүчтөрү**

Топтолгон административдик-чарбалык эсепке алуу маалыматтарынын жана Парник газдары боюнча протоколго (GHG Protocol) ылайык кайра эсептөө коэффициенттерин колдонуунун негизинде, ДемирБанк отчеттук мезгил үчүн өзүнүн түз жана кыйыр энергетикалык көмүртек изинин так баштапкы параметрлерин аныктады:

## 7.1 Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы

• Парник газдарынын түз бөлүнүп чыгышы (1-камтуу): Банк тарабынан көзөмөлдөнүүчү булактардан (кызматтык автотранспортту эксплуатациялоо жана генератордук түзүлүштөр үчүн отун) бөлүнүп чыккан эмиссиянын жалпы көлөмү 183,87 т$CO_2$е түздү. Методологиялык чектерде белгиленгендей, бул көрсөткүч муздатуучу агенттердин (хладагенттердин) качып чыгууларын эсепке албастан эсептелген, алар боюнча инвентаризациялоо жана техникалык маалыматтарды топтоо кийинки отчеттук циклге карата толугу менен аяктайт.

• Кыйыр энергетикалык бөлүнүп чыгуулар (2-камтуу): Банктын бүткүл тармакталган кеңсе жана филиалдык инфраструктурасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу үчүн электр жана жылуулук энергиясын сатып алууга байланышкан эмиссиянын көлөмү 295,92 т$CO_2$е түздү.

**Башка кыйыр чыгындыларды талдоо (3-камтуу)**

Отчеттук мезгилде ДемирБанк биринчи жолу 3-камтуунун алкагында калыптанган парник газдарынын кыйыр бөлүнүп чыгышынын айрым критикалык маанилүү категорияларына баа берүүнү жүзөгө ашырды. Бул кадам Банкка климаттык отчеттуулуктун сапаттык жаңы деңгээлине чыгууга жана кызматкерлердин жашаган жери менен жумуш ордунун ортосундагы катташына (жол жүрүүсүнө), ошондой эле биздин операциялык ишмердүүлүгүбүздүн натыйжасында пайда болгон калдыктарды иштетүүгө байланышкан экологиялык аспекттерди санариптештирүүгө мүмкүндүк берди. Отчеттук мезгилде каржылануучу бөлүнүп чыгууларды (3-камтуу, 15-категория «Инвестициялар») эсептөөлөр жүргүзүлгөн жок. Тиешелүү эсептөөлөрдү жүргүзүү келечекте пландалууда, ал эми каржылануучу бөлүнүп чыгуулар жөнүндө маалымат маалыматтардын даяр болушуна жана методологиялык ыкмалардын өнүгүшүнө жараша ачыкталат.

**Кызматкерлердин жол жүрүүсү**

Кызматкерлерди ташуу категориясындагы парник газдарынын бөлүнүп чыгуу көлөмүнө так баа берүү максатында, ДемирБанк тарабынан Банктын штаттык адистеринин басымдуу бөлүгүн камтыган масштабдуу ички сурамжылоо уюштурулган. Топтолгон маалыматтардын жана эл аралык методологиянын негизинде бул категориядагы кыйыр бөлүнүп чыгуулардын жыйынды көлөмү эсептелди. Парник газдары боюнча протоколдун методологиясынын жана алынган маалыматтардын негизинде, бул категориядагы жыйынды кыйыр бөлүнүп чыгуулар 299,35 т$CO_2$е түздү.

## 7.1 Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы

Талдоо көрсөткөндөй, кызматкерлердин болжол менен 70%ы жумушка барып-келүү үчүн жеке автоунааларын колдонушат, ал эми алардын көбү жумуш ордунан 10–20 км аралыкта жашашат, ушуга байланыштуу жумушка чейинки жолдун узактыгы бөлүнүп чыгууларга таасир этүүчү негизги фактор болуп саналат.

Өзүнүн социалдык саясатын өнүктүрүү жана парник газдарынын кыйыр бөлүнүп чыгышын азайтуу алкагында ДемирБанк кызматкерлер үчүн транспорттук кызматтарды жана мобилдүүлүк программаларын киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштырып жатат.

### Операциялык калдыктар жана бөтөлкөгө куюлган сууну колдонуу

Жоопкерчиликтүү керектөө жана циркулярдык экономика принциптерин ишке ашыруу алкагында ДемирБанк калдыктарды өз-өзүнчө чогултуу жана аларды андан ары кайра иштетүү жана утилизациялоо үчүн адистештирилген уюмдарга өткөрүп берүү боюнча иш чараларды жүзөгө ашырат.

Отчеттук мезгилде Банк операциялык калдыктарды иштетүүгө байланышкан парник газдарынын бөлүнүп чыгышына баа берүүнү өткөрдү. Эсептөөлөр көрсөткөндөй, бул категория боюнча бөлүнүп чыгуулардын жыйынды көлөмү **13,02 т$CO_2$е** түздү.

Муну менен катар, отчеттук мезгилде ДемирБанк кардарлардын жана кызматкерлердин ыңгайлуу ичүүчү суу режимин камсыз кылуу үчүн бөтөлкөдөгү ичүүчү сууну сатып алуу жана колдонуу менен тыгыз байланышкан парник газдарынын кыйыр бөлүнүп чыгышына биринчи жолу деталдуу баа берди. Бул комплекстүү эсептөө продукциянын толук жашоо циклин, анын ичинде пластик таңгактарды өндүрүүнү, куюу процесстерин жана Банктын иштеген чекиттерине чейинки логистиканы эске алуу менен жүргүзүлдү жана **4,47 т$CO_2$е** түздү.

Ошентип, жеткирүү чынжырын жана операциялык процесстерди терең талдоонун натыйжасында, операциялык калдыктар жана бөтөлкөдөгү сууну керектөө менен түздөн түз байланышкан парник газдарынын бөлүнүп чыгууларынын жыйынды көлөмү **14,02 т$CO_2$е** кураганы аныкталды.

### Эмиссиянын үч камтуусу боюнча Банктын жыйынды көмүртек изи

Отчеттук мезгилде ДемирБанк өзүнүн климатка тийгизген түз жана кыйыр таасиринин баштапкы параметрлерин ийгиликтүү санариптештирди. Административдик-чарбалык ишмердүүлүктүн маалыматтарын консолидациялоонун жана Парник газдары боюнча протоколдун (GHG Protocol) эл аралык методологиясын колдонуунун негизинде, бөлүнүп чыгуулардын (эмиссиянын) сандык жыйынды көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү:

## 7.1 Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы

• Түз бөлүнүп чыгуулар (1-камтуу): **183,87 $тCO_2e$** түздү. Бул көрсөткүч корпоративдик автотранспорт тарабынан мотор отунун жана генератордук түзүлүштөр тарабынан дизель отунун жагуудан келип чыккан эмиссияны камтыйт. Эсептөөлөр муздатуучу агенттердин (хладагенттердин) качып чыгууларын эсепке албастан жүргүзүлдү, алар боюнча климаттык жабдууларды инвентаризациялоо кийинки отчеттук циклге карата аяктайт.

• Кыйыр энергетикалык бөлүнүп чыгуулар (2-камтуу): **295,92 $тCO_2e$** түздү. Бул бөлүнүп чыгуу көлөмү Банктын бүткүл тармакталган кеңсе жана филиалдык инфраструктурасынын иштешин камсыз кылуу үчүн электр энергиясын жана борборлоштурулган жылытууну (жылуулук энергиясын) сатып алууга байланыштуу.

• Башка кыйыр бөлүнүп чыгуулар (3-камтуу): **316,84 $тCO_2e$** түздү. Отчеттуулуктун чектерин кеңейтүү алкагында Банк биринчи жолу бүткүл жеткирүү чынжыры боюнча коштолуучу эмиссияны эске алды, ага кызматкерлердин жашаган жери менен жумушунун ортосундагы жол жүрүүсүнөн, операциялык калдыктарды ташуудан жана утилизациялоодон келип чыккан бөлүнүп чыгуулар, ошондой эле кызматкерлердин жана кардарлардын муктаждыктары үчүн бөтөлкөдөгү ичүүчү сууну сатып алуудан келип чыккан көмүртек изи кирди.

Алынган жыйынтыктар ДемирБанкка үч камтуу боюнча 796,63 $тCO_2e$ өлчөмүндөгү бөлүнүп чыгуулардын жыйынды баштапкы деңгээлин белгилөөгө жана бизнестин көмүртек сыйымдуулугун пландуу түрдө төмөндөтүү үчүн так санариптештирилген багытты (ориентирди) калыптандырууга мүмкүндүк берет. Отчеттук мезгилде Банктын парник газдарынын салыштырмалуу бөлүнүп чыгуу көрсөткүчү бир кызматкерге 0,78 $тCO_2e$ түздү



## 7.2 Отун-энергетикалык ресурстарды керектөө

### Коммуналдык жана энергетикалык ресурстарды эсепке алуу

Экологиялык стратегияны ишке ашыруу алкагында ДемирБанк өзүнүн иштеген бүткүл тармагы боюнча бардык керектелүүчү коммуналдык жана күйүүчү-май, энергетикалык ресурстарды катуу жана борборлоштурулган эсепке алууну жүзөгө ашырат. Маалыматтарды топтоо үчүн тастыкталган эсептөө приборлорунун көрсөткүчтөрү, ошондой эле административдик-чарбалык камсыздоонун иш жүзүндөгү маалыматтары негиз болуп кызмат кылат.

Ачык-айкындуулукту жана отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына шайкештикти камсыз кылуу үчүн Банк электр энергиясын, борборлоштурулган жылуулук менен камсыздоону, табигый газды, корпоративдик автопарк үчүн мотор отунун жана резервдик генератордук түзүлүштөр үчүн дизель отунун керектөө боюнча маалыматтарды консолидациялайт. Бул ар кандай түрдөгү ресурстардын бардыгын бирдиктүү эл аралык чен-өлчөмгө — Гигаджоулга (ГДж) келтирүү Банкка бизнестин бир кызматкерге туура келген салыштырмалуу энергия сыйымдуулугун так баалоого, филиалдарда ресурстардын үнөмдүү колдонулушун көзөмөлдөөгө жана түз жана кыйыр энергетикалык бөлүнүп чыгууларды пландуу түрдө азайтууга мүмкүндүк берет. .

| | |
|---|---|
| **Электр энергиясы** | |
| кВт/саат | 1 940 685,61 |
| ГДж | 6 986,47 |
| **Жылуулук энергиясы** | |
| Гкал | 125,12 |
| ГДж | 523,40 |
| **Дизель күйүүчү майы** | |
| литр | 45 176,17 |
| ГДж | 1 626,34 |
| **Бензин** | |
| литр | 26 968,96 |
| ГДж | 970,88 |
| **Энергиянын жалпы колдонулушу, ГДж** | **10 107,09** |

## 7.2 Отун-энергетикалык ресурстарды керектөө

Отчеттук мезгилде ДемирБанктын энергия сыйымдуулук көрсөткүчү бир кызматкерге **9,86** ГДж түздү. Финансылык уюмдардын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен, бул көрсөткүч кеңсе секторуна мүнөздүү болгон энергия керектөө деңгээлине шайкеш келет. Бул маани энергетикалык ресурстардын сарамжалдуу колдонулушун чагылдырат жана ДемирБанктын операциялык ишмердүүлүгүндө жогорулатылган энергия сыйымдуулуктун жок экендигин күбөлөндүрөт.

Энергия керектөө деңгээлине кеңсе имараттарын эксплуатациялоо, компьютердик жабдуулардын, сервердик инфраструктуранын, жарыктандыруу, желдетүү жана кондициялоо тутумдарынын иштеши таасир этет. Банк электр энергиясын керектөөнү оптималдаштырууга жана көмүртек изин азайтууга багытталган энергия натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иш-чараларды ишке ашырууну улантууда.



## 7.3 Суу ресурстарын колдонуу

Кардарлардын жана кызматкерлердин ичүүчү суу режимин камсыз кылуу, ошондой эле бүткүл тармакталган иштеген тармагында зарыл болгон санитардык-гигиеналык шарттарды сактоо «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКтын сууну керектөө профилин калыптандырат. Биз Кыргыз Республикасынын суу байлыктарын сактоо боюнча глобалдык жана жергиликтүү жоопкерчиликти тең бөлүшөбүз жана аларды максималдуу түрдө сарамжалдуу колдонууга умтулабыз. Отчеттук мезгилде Банктын операциялык көзөмөлүндөгү бардык объекттер боюнча суу ресурстарын жыйынды керектөө көлөмү 5,720 млн литрди түздү.

ДемирБанктын сууну керектөө түзүмүндөгү негизги үлүш муниципалдык тармактардын борборлоштурулган суу менен камсыздоо тутумдарынын эсебинен камсыз кылынуучу имараттардын жана филиалдардын коммуналдык-тиричилик муктаждыктарына туура келет, аларды колдонуу көлөмү 5,705 млн литрди курады. Муну менен катар, Банк кардарларды тейлөө зоналарындагы жана кеңсе имараттарындагы кулерлер үчүн жеткирилүүчү жогорку сапаттагы бөтөлкөдөгү ичүүчү сууну так сандык эсепке алууну жүргүзөт, аны сатып алуу көлөмү отчеттук мезгилде 0,015 млн литрди түздү. Бул параметрлерди узак мөөнөткө оптималдаштыруу жана пластик идиштердин коштолуучу калдыктарын ырааттуу түрдө азайтуу максатында, ДемирБанк түздөн-түз өзүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүндө заманбап стационардык суу чыпкаларын (фильтрлерин) этап-этабы менен киргизүү жана орнотуу программасын ишке ашырууда. Сууну керектөө көлөмүн миллион литр менен санариптештирүү ДемирБанкка экологиялык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына так шайкештикти камсыз кылууга гана мүмкүндүк бербестен, 3-камтуунун кыйыр климаттык изин баалоо, логистикалык чыгымдарды узак мөөнөткө төмөндөтүү жана үнөмдүү кеңсе концепциясынын алкагында алдыңкы сууну үнөмдөөчү технологияларды киргизүү үчүн объективдүү негиз болуп кызмат кылат.

Операциялык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө керектелген суу ресурстарынын бүткүл көлөмү суу чыгаруу (саркынды сууларды чыгаруу) тутумуна толугу менен кайтарылат деген жоромолдун алкагында, ДемирБанктын муниципалдык канализация тармактарына саркынды сууларды агызуунун жыйынды көлөмү да отчеттук мезгилде 5,720 млн литр деңгээлинде катталган. Бул балансты так эсепке алуу Банкка коммуналдык чарбанын шаардык инфраструктурасына болгон жүктөмдү ачык-айкын баалоого жана коштолуучу экологиялык тобокелдиктердин алдын алууга минималдаштырууга мүмкүндүк берет.



## 7.4 Калдыктарды жоопкерчиликтүү иштетүү жана ресурстарды керектөө

